КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Контрактты банктык коштоо жөнүндө**

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү контракттарды аткаруунун натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону камсыз кылуу тартиби 1-тиркемеге ылайык;

2) Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу банктардын тизмеги 2-тиркемеге ылайык.

2. Сатып алуучу уюмдар сатып алуу жөнүндө документтерде жана контракттарда контрактты банктык коштоону колдонууда аткарылган иштердин кол коюлган актысынын негизинде ар бир төлөмдөн контракттын аткарылышын кепилдик камсыздоону этап-этабы менен кармоону карасын.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) ушул токтомдун 2-тиркемесинде көрсөтүлгөн банктар менен биргеликте 2026-жылдын 1-январына чейин контрактты банктык коштоо камсыздалуучу контракттарды аткаруу үчүн тартылган берүүчүлөр жана кошо аткаруучулар үчүн адистештирилген кредиттик жана башка банктык продукттарды иштеп чыксын жана колдонууну камсыз кылсын;

2) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик үч айлык мөөнөттө мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталында катышуу үлүшүнүн 50 жана андан көп пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашырууда контракттарды банктык коштоону колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун даярдасын жана белгиленген тартипте киргизсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## О банковском сопровождении контракта

В целях повышения эффективности и прозрачности исполнения контрактов в сфере государственных закупок, в соответствии со статьей 49 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:

1) Порядок обеспечения банковского сопровождения контракта в сфере государственных закупок согласно приложению 1;

2) Перечень банков, уполномоченных осуществлять банковское сопровождение контракта в сфере государственных закупок, согласно приложению 2.

2. Закупающим организациям при применении банковского сопровождения контракта в документации о закупке и контрактах предусмотреть поэтапное удержание гарантийного обеспечения исполнения контракта с каждой выплаты на основе подписанного акта выполненных работ.

3. Министерству финансов Кыргызской Республики:

1) до 1 января 2026 года совместно с банками, указанными в приложении 2 к настоящему постановлению, разработать и обеспечить применение специализированных кредитных и иных банковских продуктов для поставщиков и соисполнителей, привлекаемых для исполнения контрактов, в отношении которых обеспечивается банковское сопровождение контракта;

2) привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением.

4. Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок подготовить и внести в установленном порядке проект решения Кабинета Министров Кыргызской Республики по применению банковского сопровождения контрактов при осуществлении закупок государственными и

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

муниципальными предприятиями, хозяйственными обществами, где 50 и более процентов доли участия в уставном капитале принадлежат государству, в том числе их дочерними хозяйственными обществами.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**